Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим министрлигинин

2021жылдын «___»______________№_________
буйругуна тиркеме

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН
# МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Багыты: 531600 «Теология»**

**Квалификациясы: бакалавр**

**БИШКЕК 2021-жыл**

## 1. Жалпы жобо

**1.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн **531600 – «Теология»** багыты боюнча ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамына жана билим берүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте бекитилген.

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу магистрлерди даярдоо боюнча кесиптик билим берүү программаларды ишке ашыруучу бардык ЖОЖдор үчүн менчиктик формасына жана ведомстволук таандыктыгына карабастан милдеттүү болуп эсептелет.

**1.2. Терминдер, аныктамалар, белгилөөлөр, кыскартуулар**

Ушул Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартында "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана жогорку кесиптик билим берүү жаатындагы Кыргыз Республикасы катышуучу болгон мыйзам чегинде белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык терминдер жана аныктамалар пайдаланылат.

- **негизги билим берүү программасы** - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- **даярдоонун багыты** - ар түрдүү профилдеги, фундаменталдуу даярдоо негизиндеги интеграцияланган жогорку кесиптик билимдүү кадрларды (адистерди, бакалаврларды жана магистрлерди) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;
- **профиль** – негизги билим берүү программасынын конкреттүү бир түргө багытталышы жана (же) кесиптик иш объекти;
- **компетенттүүлүк** – окуучунун аныкталган бир чөйрөдө майнаптуу жана жемиштүү иштөөсү үчүн зарыл болгон билими жагынан даярдоого карата алдына ала коюлган социалдык талап (ченем);
- **бакалавр** – магистратурага кирүүгө жана кесиптик иш менен алектенүүгө укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификациялык деңгээли;
- **магистр** – аспирантурага жана (же) базалык докторантурага (PhDпрофили боюнча) жана кесиптик иш менен алектенүүгө укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификациялык деңгээли;
- **кредит (**зачеттук бирдик) - негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;
- **окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар;
- **теңдөө курстары** - ушул багыт боюнча магистрлерди даярдоонун негизги билим берүү программасын өздөштүрүү үчүн талап кылынуучу базалык кесиптик билимдерге жана компетенцияларга биринчи окуу жылынын ичинде ээ болуу үчүн туура келген багыт (адистик) боюнча базалык билими болбогон студенттер – магистранттар тарабынан өздөштүрүүлүчү сабактар.
- **жалпы илимий компетенция** – кесиптик иштин баардык турлору (же көпчүлүгү) учун жалпы болуп саналган мүмкүнчүлүктөрдү билдирет; окуу, талдоо жана сыноо кылуу ж.б. жөндөмдүүлүк;
- **инструменталдык компетенция**–когнитивдик жөндөмдүү, идеяларды жана ойлорду түшүнүү жана пайдалана билүү жөндөмдөрүн камтыйт; усулдук жөндөм, айлана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу, убакытты уюштуруу, окуу стратегиясын түзүү, чечимдерди кабыл алуу жана көйгөйлөрдү чече билүү жөндөмү; технологиялык жөндөм, техниканы пайдалана билүүгө,компьютерди билүүгө жанамаалыматтык башкарууга байланышкан жөндөмдөр; лингвистикалык жөндөмдөр, коммуникациялык компетенция;

- **социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар**–ой-сезимдерди жана мамилесин билдирүүгө, сын көз менен ой жүгүртүүгө жана өзүнө баа бере билүүгө байланышкан жеке сапаттар, ошондой эле социалдык өз ара байланыш жана кызматташуу процесстерине, топтор менен иштеше билүүгө, социалдык жана этикалык милдеттенмелерди кабыл алууга байланышкан жөндөмдөр;

- **кесиптик стандарт** - кесиптик иштинконкреттүү түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды белгилөөчү, кызматкер кайсы иште болсо да, кайсы уюмда болсо да өзүнүн ордун татыктуу ээлеши үчүн кызматкерде болушу милдеттүү болгон квалификациянын сапаттык денгээлин баяндаган негиз түзүүчү документ.

**1.3. Кыскартуулар жана белгилөөлөр**

Жогорку кесиптик билим берүүнүн ушул мамлекеттик билим берүү стандартында төмөндөгү кыскартуулар колдонулат:

**МББС** –Мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ЖКББ** – Жогорку кесиптик билим берүү;
**НББП** – Негизги билим берүү программасы;
**ОМБ** – Окуу-методикалык бирикме;
**ЖК** – жалпы илимий компетенциялар
**ИК** – инструменталдык компетенциялар
**КК** – кесиптик компетенциялар
**СИЖМК** – социалдык – инсандык жана жалпы маданий компетенция.

## 2. Колдонуу тармагы

**2.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары - ЖКББ МББС) бакалаврларды даярдоо багыты боюнча негизги билим берүү программаларын ишке ашыруудагы милдеттүү нормалардын, эрежелердин жана талаптардын жыйындысы жана **531600 – «Теология»** багытындагы уюштуруучулук-усулдук документтерди иштеп чыгуу, лицензиясы же Кыргыз Республикасынын аймагында мамлекеттик аккредитациясы (аттестациясы) бар, бардык жогорку кесиптик билим берүүчү билим берүү мекемелеринин (мындан ары - ЖОЖдор), уюштуруучулук-укуктук формаларына карабастан жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп эсептелет.

**2.2.** Ушул ЖКББ МББСын **531600 – «Теология»** багыты боюнча негизги пайдалануучулар төмөнкүлөр болуп саналат:

- ЖОЖдордун администрациясы жана илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер), өздөрүнүн жождорундагы ошол багыт жана даярдоонун деңгээли боюнча илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин эсепке алып, негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуу, натыйжалуу ишке киргизүү жана жаңылоо үчүн жоопту у;
- ЖОЖдун даярдоонун ошол багытындагы негизги билим берүү прогаммасын өздөштүрүү боюнча студенттер өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жоопту у ;
- тийиштүү кесиптик иш чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органынын тапшыруусу боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- жогорку кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары;
- аткаруу бийлигинин жогорку кесиптик билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышына көзөмөлдү камсыз кылуучу, жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндө

аттестацияны, аккредитацияны жана сапатка көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары.

**2.3. Абитуренттердин даярдык деңгээлине карата талаптар**

**2.3.1.** Жогоку кесипттик билимдин «бакалавр» квалификациясын алууга умтулган абутуриенттин билим деңгээли - орто жалпы билим же орто кесиптик (же жогорку кесиптик) билим.

**2.3.2.** Абитуриентте орто жалпы билим же орто кесиптик (же жогорку кесиптик) билим жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документ болуусу керек.

**3. Даярдоо багытынын жалпы мүнөздөмөсү**

**3.1. Кыргыз Республикасында 531600 - «Теология» багыты боюнча даярдоо** төмөнкүлөр боюнча ишке ашырылат:

- бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББП;
- магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББП.

Бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан ийгиликтүү аяктаган ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнө "бакалавр" квалификациясын ыйгарылган жогорку билими тууралуу диплом берилет.

Магистрлерди даярдоодо ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан ийгиликтүү аяктаган окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнө "магистр" квалификациясын ыйгарылган жогорку билими тууралуу диплом берилет.

Бакалаврларды даярдоо багытындагы ЖКББ НББПнын профилдери ЖОЖ тарабынан тармактык/сектоapproxдык квалификациянын алкагында (эгер болсо) аныкталат.

**3.2. 531600 - «Теология» багыты боюнча бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББП боюнча өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү окутуунун күндүзгү формасы боюнча 4 жылдан кем эмес убакытты түзөт.**

Бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББП боюнча өздөштүрүү мөөнөтү окутуунун күндүзгү – сырттан (кечки) жана сырттан окуу формасы, ошондой эле окуунун ар түрдүү формасын айкалыштырууда ЖОЖ тарабынан күндүзгү окуу формасы үчүн бекитилген нормативдик мөөнөттөн алты айдан бир жылга чейин узартылат.

Тиешелүү профилдеги орто кесиптик билими же жогорку кесиптик билими бар адамдар ЖКББ НББП бакалаврды даярдоодогу ылдамдатылган программаларды колдонуу укугун алышат.

Ылдамдатылган программаларды ишке ашырууда окутуунун узактыгы студент тарабынан башка билим берүү программасынын алкагында орто кесиптик жана (же) жогорку билим алууда өздөштүрүлгөн (өтүлгөн) айрым сабактардагы (модулдардагы) жана (же) айрым практикалардагы окутуунун натыйжаларын бардык же бир бөлүгүн кайра аттестациялоонун (кайра сыноодон өтүүнүн) натыйжалары менен аныкталат.

Орто кесиптик билим берүүнүн профилинин жогорку кесиптик билим берүү профилине ылайык келитирүүнү ЖОЖ өз алдынча аныктайт.

ЖКББ НББП орто кесиптик билим берүү базасында ылдамдатылган программалардын негизинде окутуунун күндүзгү формасы үчүн бакалаврларды даярдоо 3 жылдан кем эмес убакытты түзөт.

Жеке окуу планы боюнча окутуу жүргүзүлгөндө ЖОЖ окуу формасына карабастан окуу мөөнөтүн өз алдынча белгилейт.

Ден соолугу чектелүү адамдарды жеке окуу планына ылайык окуткан учурунда ЖОЖ окуу убактысын тийешелүү билим берүү формасы үчүн белгиленген мөөнөткө салыштырганда узартууга укуктуу.

Магистрлерди даярдоодо ЖКББ НББП боюнча өздөштүрүүнүн башка нормативдик

мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

**3.3. Бакалаврларды даярдоодогу ЖКББ НББП өздөштүрүүнүн жалпы эмгек көлөмү 240 кредиттен кем эмес.**

Күндүзгү окуу формасы боюнча ЖКББ НББП эмгек көлөмү окуу жылы үчүн 60 тан кем эмес кредитке барабар.

Бир семестрдин эмгек көлөмү (окуу процессинин эки семестрдик түзүлүү сүналганда) 30 кредитке барабар.

Бир кредит студенттинокууишинин (анынаудиториялык ишин, өз алдынча иштөөсүн жана аттестациянын бардык түрүн кошкондо) 30 саатына барабар.

Күндүзгү окуу формасы жана ошондой эле окутуунун ар түрдүү формасын айкалыштырууда, дистанттык билим берүү технологиясын колдонуу менен окутууда НББПнын эмгек көлөмү бирокуу жылга 48 сааттан кем эмес кредитти түзөт.

Бакалаврларды жана магистрлерди даярдоодо ЖКББ НББП боюнча өздөштүрүүнүн башка нормативдик мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинен тарабынан бекитилет.

**3.4. 531600 – «Теология»ЖКББ НББПнын инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатындагы даярдоонун багыты боюнча максаттары.**

**3.4.1. 531600 – "Теология"** багыты боюнча ЖКББ НББПнын окутуу жаатындагы даярдоонун максаты болуп: бакалаврларды ар-тараптуу кесиптик ишмердүүлүкө даярдоо, билим берүү жана илимий изилдөө, маданият жана искусство, администрациялык жана башкаруу, коомдук тейлөө тармактарында диндин тарыхы жана теориясы, адамдын бытиесинин диний-философиялык маселелерин жана заманбап цивилизациясынын, коомдук долборлорду ишке ашыруу, серепчилик-консультативдик жана агартуучулук иштерин алып барууга студенттердин инсандык сапаттарын жана кесиптик компетенцияларына багыттап результат жана практикалык жактан ишмердүүлүкө жетишүү.

**3.4.2. 531600 – «Теология»** багыты боюнча ЖКББ НББПнын студенттердин социалдык-инсандык сапаттарын калыптандыруу жаатындагы максаттары түзүлөт: максатка умтулгандык, уюшкандык, эмгекчилдик, жоопкерчиликтүүлүк, жарандуулук, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук, жалпы маданиятты жогорулатуу, инсандык руханият жана башкалар.

**3.5. 531600 - "Теология" багыты боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнө төмөнкүлөр кирет:**

- билим берүү жана илимий изилдөөлөр (окутуу, изилдөө);
- маданият жана искусство (агартуу жана экскурсиялар);
- башкаруу жана башкаруучулук (медиация, маданият жана мамлекеттик саясат башкаруу);
- коргоо жаатында мамлекеттик саясат;
- социалдык тейлөө (диний уюмдарда ишмердүүлук);
- коомдук массалык каражаттар.

Бүтурүүчүлөр кесипттик ишмердүүлүгүн башка жакта, чөйрөлөрдө да, эгер билим денгээли, компетенциялары ага туура келсе талап кылган кесипте иштей алат, мисалы катары, билим берүү, изилдөөчүлүк, аналитикалык структураларда, дин тармагында маселелерин изилдөө центрлерде ж.б.

**3.6. 531600 – "Теология"** даярдоо багыты боюнча **бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин объекттери** болуп төмөнкүлөр саналат**:**

- негизги салуучу руханий баалуулуктар жана тажрыйба;
- тийиштүү диндеги дүйнө тушуунүү;

- музей экспонаттары;
- китепканалардагы жана архивдердеги диний жана дин таануу материалдар жана адабият;
- ММКдагы дин жөнүндө материалдар;
- басмаканалардагы диний жана дин таануучулук адабияттар;
- диний уюмдардын ишмердигин жөндөөчу ченемдик иш кагаздар, алардын мамлекеттик органдар менен болгон алакасы;
- билим берүү жана тарбия процесси, окуу-усулдук документациясы, окутуунун жана тарбиянын усулдары, окутуучулар;
- илимий долбоорлор, чогултуу жана анализдөөнун усулдары, серепчилик корутундулар;
- коомдук долбоорлор.

**3.7. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин түрлөрү:**

- илим-изилдөөчүлүк;
- педагогикалык;
- уюштуруу-башкаруучулук.

Бүтүрүүчү негизинен даярдалып жаткан кесиптик ишмердиктин конкреттүү түрүн тийиштүү кесиптик стандарттын (бар болсо) же кызыкдар иш берүүчү менен бирдикте ЖОЖ иштеп чыккан өздөштүрүлүүчү билим берүү программасынын мазмуну аныктоого тийиш.

**3.8. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин милдеттери:**

*илим-изилдөөчүлүк ишмердиги:*

- жогорураак квалификациялуу адистин жетекчилиги астында теологиялык жана сабактар аралык изилдөөлөргө катышуу, анын ичинде:
- изилдөөнүн темасы боюнча илимий маалыматты чогултуу, анализдөө, классификациялоо жана систематизациялоо;
- илимий отчетторду, ачыктама каттарды тузүү, илимий обзорлорду, аннотацияларды даярдоо, жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөрдүн тематикасы боюнча рефераттарды жана библиографияларды тузүү;
- семинарларга, илимий-практикалык конференцияларга, симпозиумдарга, илимий-изилдөө долборлордун ишине катышуу;

*педагогикалык ишмердиги:*

- аргандай аудиторияларда заманбап реалдуулуктарды, муктаждыктарды жана күтүлгөн ахвалдарды эске алуу менен актуалдуу формада теология жана рууханий-нравалык маданиятка билимдерин колдонуу;
- билим берүү программаларын иштеп чыгуу;
- руханий-нравалык жана патриоттук тарбия маселелерин чечүү;
- маданият, искусство мекемелериндеги, массалык маалымат каражаттарындагы агартуучулук ишмердик;
- конфессиялардын окуу-трабия жана агартуучулук ишмердигин камсыздоого катышуу;
- традициялык билим берүү технологияларын жана заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды окуу процессинде (окутуунун заманбап технологиялары) колдонуу;

*уюштуруу-башкаруучулук ишмердиги:*

- коллективде уюштуруу иштерин жүргүзүүдө, диний, этникалык жана улуттук жаатында конфликтерди, экстремизм, терроризм жана диний группалардын башка деструктивдик иштерин алдын алуу жана каршылык көрсөтүү чөйрөсүндө маселелерди чечүү үчүн теологиялык боюнча алган билимин колдонуу;

- коллективде уюштуруу иштерин жүргүзүүдө мамлекеттик-конфессионалдык жана коомдук-конфессионалдык биргеликте аракеттешүүсүн теоретикалык жана практикалык камсыздоого катышуу;
- кесиптик маселелерди чечүүдө иштерди уюштуруу жана пландаштыруу;
- кесиптик функцияларды ишке ашырууда жардамчы административдик башкаруу персоналы ирээтиндеги иш.

Даярдоо багыты боюнча бутуруучу даярданган кесиптик ишмердиктин маселелеринин тизмеги негизинен кесиптик стандарттын (бар болсо) жана кесиптик ишмердиктин тиешелүү тармагындагы квалификациялык талаптардан алынышы керек, эгер алар жок болсо, кесиптик ишмердиктин маселелеринин тизмеги иш буруууүчулордун созсуз турдо катышуусу менен МББС ЖКББнын иштеп чыгуучу тарабынан түзүлүш керек.

**4. НББП жүзөгө ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар**

**4.1. НББП жүзөгө ашырууда ЖОЖдордун укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар**

**4.1.1.** ЖОЖдор даярдоо багыттары боюнча НББП өз алдынча иштеп чыгышат. НББП Кыргыз Республикасында даярдоо багыты боюнчатийиштүү МББС негизинде иштелип чыгат жана ЖОЖдун илимий кеңеши тарабынан бекитилет.

ЖОЖдор 5 жылда бир жолудан кем эмес НББПны илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиянын жана социалдыкчөйрөнүн өнүгүшүн эске алуу менен жаңылап, ЖОЖдо билим берүүнүн сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча рекомендацияларды карманат, алар төмөнкүлөрдөн турат:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу стратегиясын иштеп чыгуудан;
- билим берүү программасын мезгил-мезгили менен рецензиялоого мониторинг жүргүзүүдөн;
- студенттердин жөндөмүн жана билим деңгээлине, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларына так макулдашылган критерийлердин негизинде баа берүүнүн объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуудан;
- окутуучулар курамынын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуудан;
- жүзөгө ашырылып жаткан бардык билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылууда, аларды пайдалануунун эффективдүүгүнө, анын ичинде окуп жаткандарды сурамжылоо жолу менен контролдоодон;
- өз ишмердигине (стратегиясына) баа берүүнүн жана башка билим берүү мекемелери менен салыштыруунун макулдашылган критерийи боюнча өзүн-өзү текшерүүнү туруктуу жүргүзүүдөн;
- өз ишмердигинин натыйжалары, пландары, инновациялар жөнүндө коомчулукка маалымдоодон.

**4.1.2**. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатына баа берүү учурдагы, аралыктагы ана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону камтууга тийиш. Баа берүү каражаттарынын базасы ЖОЖ тарабынан иштеди чыгат жана бекитилет.

Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү аттестациялоого карата, бүтүрүүчү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана структурасына карата талаптар ЖОЖ тарабынан ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө Жобону эске алуу менен аныкталат.

**4.1.3.** НББП иштеп чыгууда бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы, социалды көз ара аракеттенүү, өз алдынча уюштуруу жана өзүн-өзү башкаруу компетенцияларын, социалдык-ишмердик мүнөзүн) калыптандырууда ЖОЖдун мүмкүнчүлүктөрү аныкталууга тийиш. ЖОЖ анын социалдык-маданийчөйрөсүн калыптандырууга, инсандын ар тараптуу өнүгүшүүчүн зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү.

ЖОЖ студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук

уюмдардын, спорттук жана чыгармачыл клубдарынын, студенттик илимий коомдордун ишине катышуусун кошуп алганда окуу процессинин социалдык-тарбиялоо компоненттерин өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүгө тийиш.

**4.1.4.** ЖОЖдун НББП студенттер тандаган сабактарды камтууга тийиш. Студенттин тандоосу боюнча сабактарды түзүүнүн тартибин ЖОЖдун илимий кеңеши белгилейт.

**4.1.5.** ЖОЖ студенттерге өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылууга милдеттүү.

**4.1.6.** ЖОЖ НББП түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга, студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп санала тургандыгын түшүндүрүүгө милдеттүү, ал эми алардын жалпы эмгекти талап кылышы окуу планында каралгандан аз болбоого тийиш.

**4.2. НББП жүзөгө ашырууда студенттердин укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар**

**4.2.1**. Студенттер анын тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө НББП каралган окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде конкреттүү сабакты тандап алууга укуктуу.

**4.2.2.** Өзүнүн жеке билим берүү траекториясын калыптандырууда студент тандап алган сабагы боюнча ЖОЖдо консультация алууга жана аларды даярдоонун келечектеги профилине (адистешүүсүнө) болгон таасирине ээ болууга укуктуу.

**4.2.3.** НББП өздөштүрүүдө СИЖМК өнүктүрүү жагында натыйжаларга жетишүү максатында студенттер студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачыл клубдардын, студенттик илимий коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

**4.2.4.** Студенттер ЖОЖдун НББП каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү.

**4.3.** Студенттердин окуусунун жүгүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториядагы жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу иштеринин бардык түрлөрүн кошуп алганда жумасына 45 саат көлөмүндө белгиленет.

Күндүз окууда аудиториядагы сабактардын жумадагы көлөмү ЖКББ деңгээлин жана даярдоо багытынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен МББС тарабынан аныкталат жана ар бир окуу сабактарын иликтөөгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн кеминде 35%ын түзөт.

Окуу сабактары боюнча өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарга ошол окуу сабагы (модулу) боюнча сынакка даярдык көрүүгө каралган убакыт да кошулат.

**4.4.** Сырттан окууда студентке бир жылда кеминде 160 саат көлөмүндө окутуучу менен сабак өтүү мүмкүнчүлүгү камсыз кылынууга тийиш.

**4.5.** Окуу жылында каникулдук убакыттын жалпы көлөмү 7-10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде кеминде эки жуманы түзүүгө тийиш.

**5. Бакалаврларды даярдоонун НББП карата талаптар**

**5.1**. **Бакалаврларды даярдоонун НББП өздөштүрүүнүн натыйжаларына карата талаптар**

Ушул ЖКББ мамлекеттик билим берүү стандартынын 3.4 жана 3.8-пункттарында көрсөтүлгөн негизги билим берүү программасынын жана кесиптик ишмердиктин максаттарына ылайык “бакалавр” квалификациясын ыйгаруу менен **531600 - Теологияга** даярдоо багыты боюнча бүтүрүүчү төмөнкүдөй компетенцияларга ээ болууга тийиш:

***а) универсалдуу:***

*жалпы илимий (ЖК):*

ЖК-1 - курчап турган чөйрө жөнүндөгү илимий билимдерин колдоноо билүүгө жана сын берүүгө жөндөмдүү;

*инструменталдык (ИК):*

*ИК-1* - жумуш жана окутуу тармагында мамлекеттик, расмий жана дагы бир чет тилинде ишке байланыштуу болгон баарлашунуу жүргүзө алууга жөндөмдүү;
ИК-2 - жумуш жана окутуу тармагында татаал маселелерди чечүү үчүн маалымат технологияларын пайдаланып жаны билимдерди өздоштүрө жана колдоно алууга жөндөмдүү;
ИК-3 - кесиптик ишмердүүлүктө ишкердик билимдерин жана тажрыйбаларын колдоноо билүүгө жөндөмдүү;

*социалдык-инсандык жана жалпы маданияттык (СИЖМК):*

*СИЖМК-1* - жеке адамдын же жамааттын кесиптик ишмердүүлүктөрүндөгү максаттарына жетүүсүн камсыздого жөндөмдүү;

**б) кесиптик (КК):**

*илим-изилдөөчүлүк ишмердиги:*

КК-1 - жогорураак квалификациялуу адистин жетекчилиги астында теологиялык жана сабактар аралык изилдөөлөргө катышууга жөндөмдүү, анын ичинде:
КК-2 - изилдөөнүн темасы боюнча илимий маалыматты чогултууга, анализдөөгө, классификациялоого жана систематизациялоого жөндөмдүү;
КК-3 - илимий отчетторду, ачыктама каттарды тузүү, илимий обзорлорду, аннотацияларды даярдоого, жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөрдүн тематикасы боюнча рефераттарды жана библиографияларды тузүүгө жөндөмдүү;
КК-4 - семинарларга, илимий-практикалык конференцияларга, симпозиумдарга, илимий-изилдөө долборлордун ишине катышууга жөндөмдүү;

*педагогикалык ишмердиги:*

КК-5 - аргандай аудиторияларда заманбап реалдуулуктарды, муктаждыктарды жана күтүлгөн ахвалдарды эске алууга менен актуалдуу формада теология жана рууханий-нравалык маданиятка билимдерин колдонууга жөндөмдүү;
КК-6 - билим берүү программаларын иштеп чыгууга жөндөмдүү;
КК-7 - руханий-нравалык жана патриоттук тарбия маселелерин чечүүгө жөндөмдүү;
КК-8 - маданият, искусство мекемелериндеги, массалык маалымат каражаттарындагы агартуучулук ишмердике жөндөмдүү ;
КК-9 - конфессиялардын окуу-трабия жана агартуучулук ишмердигин камсыздоого катышууга жөндөмдүү;
КК-10 - традициялык билим берүү технологияларын жана заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды окуу процессинде (окутуунун заманбап технологиялары) колдонууга ; жөндөмдүү

*уюштуруу-башкаруучулук ишмердиги:*

КК-11 - коллективде уюштуруу иштерин жүргүзүүдө, диний, этникалык жана улуттук жаатында конфликтерди, экстремизм, терроризм жана диний группалардын башка деструктивдик иштерин алдын алуу жана каршылык көрсөтүү чөйрөсүндө маселелерди чечүү үчүн теологиялык боюнча алган билимин колдонууга жөндөмдүү;
КК-12 - коллективде уюштуруу иштерин жүргүзүүдө мамлекеттик-конфессионалдык жана коомдук-конфессионалдык биргеликте аракеттешүүсүн теоретикалык жана практикалык камсыздоого катышууга жөндөмдүү;
КК-13 - кесиптик маселелерди чечүүдө иштерди уюштурууга жана пландаштырууга жөндөмдүү;
КК-14 - кесиптик функцияларды ишке ашырууда жардамчы административтик башкаруу персоналы ирээтиндеги ишке жөндөмдүү.

Бакалаврды даярдоонун билим берүү программасын иштеп чыгууда баардык универсалдык компетенциялар, жана ошондой эле ушул программа багытталган кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрунө кирген кесиптик компетенциялар окутуу программасынын талап кылган натыйжаларынын курамына киргизилет.

Даярдоо процессинде окуучу аны даярдап чыгаруунун конкреттуу профилине байланыштуу болгон башка (атайын болгон кесиптик) компетенцияларды өздөштүрө алат.

Профиль саны 5тен көп болбогон кошумча кесиптик компетенциялар менен аныкталат жана ЖОЖ тарабынаноз алдынча аныкталат.

Профильтердин тизмеси ОУБ тарабынан бекитилет.

Компетенциялардын тизмеси квалификациялардын улуттук алкактарынын, квалификацияларын тармактык / сектордук алкактарынын жана кесиптик стандарттардын (бар болсо) негизинде аныкталат.

**5.2. Бакалаврларды даярдоонун НББП структурасына карата талаптар**

**Бакалаврларды даярдоонун НББП структурасы төмөнкү блокторду камтыйт:**

*1-блок «Дисциплиналар» (модулдар);*

*2-блок «Практика»;*

*3-блок «Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация».*

**Таблица 1. 531600 – Теология багыты боюнча бакалавриаттын НББПсынын түзүлүшү**

| **Бакалаврларды даярдоонун НББП структурасы** | | **Бакалаврларды даярдоонун НББП көлөмү жана анын блоктору кредиттерде** |
|---|---|---|
| *1-блок* | I. Гуманитардык, социалдык жана экономикалык цикл<br>II. Математикалык жана табигый илимдер цикли<br>III. Кесиптик цикл | *20-35*<br>*15-20*<br>*140-160*<br>*165-215* |
| *2-блок* | *Практика* | *15-60* |
| *3-блок* | *Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация* | *10-15* |
| **Бакалаврларды даярдоонун ЖКББ НББП көлөмү** | | **240** |

ЖОЖ бакалаврларды даярдоонун НББП мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык иштеп чыгат жана квалификациялардын улуттук алкагына ылайык окутуунун натыйжаларына жетишкендик үчүн жоопкерчилик тартат.

Дисциплиналардын (модулдардын) топтому жана бакалаврларды даярдоонун НББП ар бир блогуна тиешеси бар алардын эмгекти көп талап кылышын ЖОЖ блок үчүн белгиленген көлөмдө, аны өздөштүрүүнүн натыйжаларына карата талаптарды эске алуу менен квалификациялардын улуттук алкагында каралган окутуунун натыйжаларынын топтому түрүндө өз алдынча аныктайт.

**5.2.1. Бакалаврларды даярдоонун НББП төмөнкүлөрдү жүзөгө ашырууну камсыз кылууга тийиш:**

- гуманитардык, социалдык жана экономикалык циклдин милдеттүү дисциплиналарын, аларын тизмеси жана эмгекти көп талап кылышы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим жагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат. Көрсөтүлгөн дисциплиналардын мазмуну жана жүзөгө ашыруу тартиби бакалаврларды даярдоонун тийиштүү багыттары боюнча ЖКББ мамлекеттик билим берүү стандарты менен белгиленет;
- дене тарбия жана спорт боюнча дисциплиналар кеминде 360 сааттык көлөмдө, алар өздөштүрүү үчүн милдеттүү болуп саналып, бирок кредиттерге которулбайт жана бакалаврларды даярдоонун НББП көлөмүнө кошулбайт.

**5.2.2.** 2-блок «Практика» окуу практикасын (таанышуу, технологиялык, илим-изилдөө иши) жана өндүрүштүк практиканы (долбоордук, эксплуатациялык, педагогикалык, илим-изилдөө иши) камтыйт.

ЖОЖ практикалардын бир же бир нече типтерин тандап алууга укуктуу, ошондой эле белгиленген кредиттердин алкагында практикалардын кошумча тибин белгилей алат.

**5.2.3.** 3-блок "Мамлекеттик аттестация» мамлекеттик сынактарга даярдык көрүүнү жана тапшырууну, бүтүрүүчү квалификациялык ишти аткарууну жана коргоону камтыйт.

**5.2.4. Бакалаврларды даярдоо алкагында милдеттүү түрдө болгон НББПнын тандоо бөлүктөрү киргизилген**

Бакалаврларды даярдоонун НББПнын милдеттүү болгон бөлүгүнө, квалификациялардын улуттук чегинин денгээлдерин эске алып, жалпы илимий, универсалдуу, социалдык-инсаний, жалпы маданияттык жана кесипкөйлүк компетенцияларын түзүүнү камсыздаган окуу предметтери жана практикалар кирет.

Мамлекеттик аттестациянын коломун албаганда, милдеттүү болгон бөлүктүн көлөмү бакалаврлардын даярдоонун негизи билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50 пайызынан жогору болбоо керек.

Бакалаврларды даярдоонун НББПсын тандоо бөлүгү боюнча студенттер туура келген багыт боюнча окуу предметтерди тандай алышат, о.э. бакалаврларды даярдоонун НББПда болгон башка багыттарынын окуу предметтерин да тандоо болушу мүмкүн.

**5.2.5** Ден-соолугу боюнча окутууга жарабай турган НББПсынан тышкары, ден-соолугу жактан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга алардын психофизикалык жөндөмүн, жеке мүмкүнчүлүгүн жана керек болгон учурда алардын физикалык өрчүшүнүн кечеңдешин жөнгө салууну жана сөз болуп жаткан адамдардын коомго аралашуусун камсыздай турган зарылдык болгондо (өз арызынын негизинде) ЖОЖ мындай адамдарга бакалаврларды даярдоонун НББПсы боюнча окутууга мүмкүнчүлүк берүүгө тийиш.

**5.3 Бакалаврларды даярдоонун НББПсын ишке ашыруу шарттарына коюлган талаптар**

**5.3.1. Окуу процессинин кадрдык камсыздоосу**

Окуу процесинин кадрдык камсыздоосу бакалавриаттын негизги билим берүү программасы окутулуп жаткан сабактын адистигине туура келген базалык билими бар, системалык түрдө илимий же илимий-усулдук ишмердүүлүк менен алектенген илимий педагогикалык кадрлар тарабынан ишке ашуусу кажет.

Кесиптик циклдин окутуучуларынын илимий даражасы жана (же болбосо) илимий наамы болушу керек же болбосо кесиптик чөйрөгө ылайык келген иш тажрыйбасы болушу керек.

Ушул негизги билим берүү программа боюнча билим берүү процессин камсыздоочу, окутуучулардын жалпы санынын, илимий даражасы (анын ичинде Phd), жана/же илимий наамы бар окутуучулардын пайызы 40% кем болбоого тийиш.

Илимий даражасы жана/же илимий наамы бар окутуучулардын жалпы санынын 10 пайызга чейинкиси ушул багыт боюнча жетекчи кызматтарында же акыркы 10 жылдан көп негизги адис катары эмгектенген практикалык иш стажы бар окутуучулар менен алмаштырылышы мүмкүн.

**5.3.2. Окуу процессинин окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздоосу**

Негизги билим берүү программасы (модулдары) сабактары, окуу-усулдук иш кагаздары жана баардык окуу курстар боюнча материалдар, негизги билим берүү программасынын (модулдары) сабактары менен камсыз болуш керек. Ушундай ар бир окуу сабактарынын (курстардын, модулдарынын) мазмуну Интернет торчосунда же билим берүү мекемесинин жергиликтуу торчосунда болушу керек.

Окуучунун аудиториядан тышкаркы иши усулдук камсыздоо жана аны аткарууга сарпталган убакыттын негизделүүсү менен коштолуусу керек.

Ар бир окуучу НББП боюнча бирден кем эмес болгон билим беруу программасына кирген кесиптик циклдагы ар бир сабак боюнча окуу китеби же бир окуу-усулдук же басма колдонмо түрүндөгү же электрондук басма менен камсыздалышы керек (анын ичине периодикалык басманын электрондук базасы).

Китепкана фонду акыркы 10 жылда басылып чыккан базалык бөлүмдүн бардык циклинин окуу предметтери боюнча негизги окуу адабиятынын басма жана электрондук басмалары менен толукталышы керек (базалык бөлүмдүн дисциплиналары болгон гуманитардык, социалдык, жана экономикалык циклдар учун 5 жылдан кем эмес).

Окуу китептеринен тышкары, кошумча адабияттар фонду расмий сурамжылоо библиогрфиялык жана ар 100 окуучуга 1-2 экземплярдан мезгилдик басманы өзүнө камтыш керек.

Ар бир окуучу Жогорку аттестациялык комиссиянын тизмесинде 6дан кем эмес болгон ата-мекендик журналдардан жана кесиптик циклга туура келген 15тен кем эмес алдынкы чет элдик журналдардан турган китепкана фондунун топтому (басма же электрондук, анын ичинде электрондук жазылуу аркылуу колдоно ала турган) колдонууга камсыз болуш керек:

1. Вестник ПСТГУ. Серия Теология, философия
2. Богословский вестник
3. Вестник Московского университета. Серия 7. Философия
4. Центральная Азия и Кавказ
5. Религиоведение
6. Вопросы религии и религиоведения
7. Религии мира
8. Современность: философско-правовые проблемы
9. Вопросы философии
10. Общественные науки и современность
11. Философские науки
12. Философия и общество
13. Вестник КНУ им. Ж.Баласагына - Серия 1.- Гуманитарные и социальные науки
14. Вестник КГУ им. И.Арабаева
15. Вестник БГУ им. Х.Карасаева
16. Вестник КРСУ им. Б.Ельцина
17. Известия НАН КР
18. Известия вузов
19. Личность. Культура. Общество
20. International Journal for philosophy of religion
21. Journal of Religion
22. Religion
23. Religious Education
24. Religious Studies
25. Journal of Theological Studies

Окуучулар ата-мекендик жана чет элдик ЖОЖтор, мекемелер жана уюмдар тарабынан киргизилген маалыматтарга ыкчам колдоноо алуу мүмкүнчүлүгү менен камсыздалышы керек, заманбап кесиптик маалыматтар базасынан, маалыматтык сураштыруу жана издоо системалардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү менен камсыздалышы керек, анын ичинде томонку тизмектеги 5тен кем эмес маалыматтар базасынан:

1. ЭБС http://iprbooks.ru/76819.html
2. Научный богословский портал «Богослов» http://www.bogoslov.ru/
3. Открытая христианская библиотека - http://www.church.kiev.ua/Librery/htm/cgword/Hristianskoe%20bogoslovie.html
4. Большая христианская библиотека - http://soteria.ru/1163/7
5. Britannica: www.britannica.com
6. НГ Религии*:* http://religion.ng.ru/gazeta/
7. Электронная гуманитарная библиотека http://www.gumfak.ru/
8. Портал Credo.ru*:* http://www.portal-credo.ru/
9. Литургическое богословие - http://predanie.ru/lib/razd/10028/

10. Око церковное - http://www.liturgica.ru/bibliot/lit_bogosl.html
11. Правмир - электронная библиотека - http://lib.pravmir.ru/library/cat/3300
12. Шмеман А. Литургическая реформа - литургическое богословие
13. Britannica: www.britannica.com
14. «Интерфакс. Религия»: http://www.interfax-religion.ru/
15. ИА «Интерфакс-Запад: http://www.interfax.by/culture-and-religion/religiya
16. А.МакГрат "Введение в христианское богословие" - http://www.reformed.org.ua/2/181/8/McGrath
17. «Религия и СМИ»: www.religare.ru
18. История религии - http://religion.historic.ru/books/item/f00/s00/z0000000/st016.shtml
19. Критическая теория - http://referati.me/istoriya-sotsiologii-knigi/kriticheskaya-teoriya-hristianskaya-17839.html
20. «Социально-гуманитарное и политологическое образование»: http://www.humanities.edu.ru; http://www.edu.ru/
21. Центр религиоведческих исследований «Этна»: http://ethna.upelsinka.com/
22. Электронная гуманитарная библиотека: http://www.gumfak.ru/
23. Электронный ресурс по религиоведению: http://www.domsvioanna.org
24. Центр религиоведческих исследований «РелигиоПолис»: http://religiopolis.org
25. Российское Объединение исследователей религии: http://www.rusoir.ru/
26. Информационно-аналитический центр «Сова»: http://www.sova-center.ru/religion/
27. Religo.ru: Новости о религии: http://religo.ru/news
28. Славянский правовой центр: http://www.sclj.ru/
29. Мир религий: http://www.religio.ru/

**5.3.3. Окуу процессинин материалдык-техникалык камсыздоосу**

Бакалаврларды даярдоонун НББПсын ишке ашыруучу ЖОЖ учурдагы санитардык жана өрткө каршы күрөшүү эрежелери жана нормаларына ылайык жогорку окуу жайдын окуу планында каралган практикалык жана студенттердин илимий-изилдөө иштерин, лабораториялык, дисциплинардык жана дисциплиналар аралык даярдоонун бардык түрлөрүн жүргүзүүнү камсыздоочу материалдык-техникалык базасы бар болууга тийиш.

Бакалаврларды даярдоонун НББПсын ишке ашырууга мүмкүндүк берген материалдык-техникалык камсыздоонун ылаазым болгон тизмеги:

- Дарсканалар (көрсөтүү каражаттары менен болгон, Интернетке кошулуу мүмкүндүгү бар экрандуу презентациялар учун болгон видеопроекторлук жабдыгы бар каражат менен жабдылган);
- Бүткүл дүйнөлүк издөө системасына кошула ала турган компьютердик дарсканалар;
- Чет тил сабагына ылайыкталган дарсканалар;
- Китепканалар (маалымат базасына жана Интернетке кошулган компьютерлер менен жабдылган студенттер учун иш орундуктары бар болгон);
- Адистикке туура келген атайын жабдылган лабораториялар;
- Окуу-усулдук иш болмолору;
- Спорттук зал жана анын жабдыктары.

Ар бир окуучу электрондук басмаларды колдонууда өз алдынча иш менен аракеттенүү учурунда окуу предметинин жумушчу программасында көрсөтүлгөн көлөмгө ылайык Интернетке кошулган компьютердик дарскана дагы иш орду менен камсыздалат.

Окуучулар үчүн болгон иш орундар керектүү болгон лицензиялык программалык топтом менен камсыздалат.

**5.3.4. Бүтүрүүчүлөрдүн даярдык сапатын баалоо**

Жогорку окуу жай төмөнкү шарттарга ылайык даярдык сапатынын кепилдиги менен камсыздоого милдеттүү:

- жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн тартуу менен бүтүрүүчүлөрдүн даярдык сапатын камсыздоо боюнча стратегия иштеп чыгуу;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоо мониторинги;
- бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын, окуучунун билими жана жөндөмүн объективдүү баалоо иш чараларын иштеп чыгуу;
- окутуучулар курамынын компетенттүүлүгүн камсыздоо;
- ишмердүүлүктү (стратегияны) баалоо үчүн келишилген критериялар боюнча өзүн өзү текшерүүнү жана жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн тартуу менен башка билим берүү мекемелери менен салыштырууну регулярдуу өткөрүп туруу;
- коомчулукту жеке ишмердүүлүктөрү, пландары, инновацияларынын жыйынтыктары жөнүндө кабарлап туруу.

Негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо студенттин билимин кыска мөөнөттүк текшерүүнү, окуучулардын аралык сынактарын жана бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестацияларын камтууга тийиш. Ар бир окуу предмети боюнча кыска мөөнөттүк жана аралык сынак аркылуу билим текшерүүнүн конкреттик формалары жана процедуралары ЖОЖ тарабынан өз алдынча иштелип чыгат жана окутуунун биринчи айынын ичинде окуучуларга маалымдалат.

НББПга ылайык баскычтуу талаптарга окуучулардын жеке жетишүүсүнө татыктуулугун аттестациялоо үчүн (кыска мөөнөттүү билим текшерүү жана аралык аттестациялоо) окуучунун билимин, жөндөмүн, өздөштүргөн компетенцияларынын деңгээлдерин баалоого мүмкүндүк берген баалоо каражаттарынын фонддору түзүлөт. Баалоо каражаттарынын фонду ЖОЖ тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

ЖОЖ тарабынан окуучулардын билимин кыска мөөнөттүк текшерүүнүн жана аралык аттестациясын алардын келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн шарттарына максималдуу жакындатуу программалары үчүн шарттар түзүлүшү керек, бул үчүн конкреттүү окуу предметтин окутуучусунан башка тышкы эксперт катарында туташ окуу предметтерди окуткан окутуучулар, жумуш берүүчүлөр, активдүү түрдө тартылышы керек.

Окуучуларга жалпы окуу процессинин сапатын, уюштуруусун, мазмунун ошондой эле кээ бир окутуучуларды баалоо мүмкүндүгү киргизилиш керек.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация (эгерде ЖОЖ бүтүрүүчүнүн квалификациялык ишин Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын ичине киргизген болсо) мамлекеттик сынактарды тапшырууга даярдык көрүүнү жана бүтүрүүчүнүн квалификациялык ишин жактоосун өзүнө камтыйт.

Бүтүрүүчүнүн квалификациялык ишинин мазмуну, көлөмү жана түзүлүшүнө жана ошондой эле мамлекеттик аттестациялык сынактарга болгон талап жогорку окуу жайы тарабынан аныкталат.

Ушул **531600 - “Теология»** багыты боюнча бакалаврларды даярдоонун ЖКББнун МББСнын базалык жогорку окуу жайы болгон Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде дин таануу жана теология багытында Билим берүүнүн окуу-усулдук бирикмеси тарабынан иштелип чыкты.

**Ж.Баласагын атындагы КУУ нун ОУБнин**
**башчысы, ф.-м. и. д., профессор** **Темиров Б.К.**

**531400-Дин таануу жана 531500, 531600-Теология багыттарынын жумушчу тобунун жетекчиси, Ж.Баласагын атындагы КУУнун дин таануу жана теология кафедрасынын башчысы, филос.и.к., профессор** **Омурова Т.О.**

**ОУБнин мүчөлөрү:**

**«Манас» КТУнун теология факультетинин декандын орун басары, теологиянын PhD доктору, доцент** **Мурзараимов Б.А.**

**Ислам таануу илимий-изилдөө институтунун директору, диндин социологиясынын PhD доктору** **Мырзабаев М.Т.**

**ОшМУнун теология факультетинин дин таануу жана гуманитардык сабактар кафедрасынын доценти, теологиянын PhD доктору, пед. и. к., доцент** **Мырзаибраимов С.А.**

**Ж.Баласагын атындагы КУУнун дин таануу жана теология кафедрасынын профессору, филос.и. доктору, доцент** **Осмонова Д.А.**

**Дүйнө маданияттарын жана диндерин изилдөө боюнча ЮНЕСКО кафедрасынын доценти, т. и. к., доцент** **Подкуйко Ю.В.**

**Ж.Баласагын атындагы КУУнун дин таануу жана теология кафедрасынын доценти, филос.и.к., доцент** **Абдылдаева Т.Ч.**

**Ж.Баласагын атындагы КУУнун дин таануу жана теология кафедрасынын ага окутуучусу** **Мурзахалилов К.С.**

**И.Арабаев атындагы КМУнун теология кафедрасынын башчысы** **Бектуров Э.Ш.**